# Улуу сезим

Сөзү: Мееркан Токсобаева.

Обону: Туратбек Дуйшеев.

Атк: Туратбек Дуйшеев.

Сезгенмин качандыр бир көрүшөөрүм.

Сырымды жүрөгүмдөн бөлүшөөрүм.

Жаш чайган карегиңе батып кетип.

Жан дүйнөм төгүп жатты ыр нөшөрүн.

Билемин абдан катуу таарынычың .

Андан да күчтүү менин сагынычым.

Сууланган кирпиктериң айтып турат.

Сен дагы күткөндүрсүң ай жайы кышын.

Караба жаш толгон бир көзүң менен.

Керемет кандай укмуш сезим деген.

Кумардын кучагында турганыңда.

Азабы ачуусу да ай сезилбеген.

Пр: Сезгенмин сезгенмин , сезгенмин, сезгенмин.

Сезгенмин качандыр бир көрүшөөрүм.

Балбылдап бажырая караганың.

Дарт чалган жүрөгүмдү жараладың.

Талбастан өмүр бою издеп келген.

Өзүңсүң көңүлүмдүн самаганы.